**Бишкек шаарындагы №54 орто мектебинин ж алпы ата-энелер чогулушунун**

**№1 протоколу**

**18.09.2021** **Бишкек шаары**

Катышты: Мектеп администрациясы жана мугалимдер

Ата-энелер комитеттери

**Күн тартибиндеги маселелер:**

1.2020-2021-окуу жылындагы жалпы окуучулардын билим сапаты

2.Окуучулардын тартиби жана мектепке уюлдук телефон колдонуусу,мектепке сабакка кечикпей келүү (ТИ боюнча директордун орун басары Мыктыбекова К.М.)

3.Өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча (соц.педагог Кенешбекова Б.К. доклад)

4.Жугуштуу ооруларды алдын алуу жана коопсуздук эрежелерин сактоо (ТИ боюнча директордун орун басары Мыктыбекова К.М.)

5. Ар түрдүү маселелер

**Угулду:**

1-маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Джангазиева Э.Б. билдирүү жасады. Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду: Быйылкы окуу жылында мектепте 64 мугалим эмгектенет, алардын 3 магистр,8 бакалавр,5 атайын орто окуу, 48 жогорку билимдүү,анын ичинен 7 жаш мугалим жана 14 пенсия жашындагылар 7 эл агартуунун мыктысы бар. Мектептин билим берүү программасы мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талабына толугу менен дал келет.Билим берүү программасы 2021-2022-окуу жылы үчүн Базистин окуу планы КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 18-июлундагы №475/1 буйругун негизинде иштелип чыккан.Окуу планында окуу предметтеринин тизмеси, ага каралган сааттардын саны, билим берүүнүн мазмуну, анын приоритеттүү багыттары жана окуу дисциплиналарынын циклдарынын ортосундагы сандык катнаштарын мүнөздөгөн документ биргелешип,(БББ) бекитилип,окутуу улантууда. Жалпы мугалимдин иш аракети быйылкы окуу жылында онлайн окуу менен өзгөчөлөндү. Мектеп мугалимдери да бардык мугалимдер сыяктуу көп кыйынчылыктарга,жетишкендиктерге жетишишти.

Окуучулардын жалпы өздүк курамына токтоло кетсек, жыл башында 1896 окуучу кабыл алынган. Окуучулардын жыл ичинде келип-кетүү дайыма контролго алынды. Мектеп ичинде жалпы билим сапаты чейрек бою ар бир предмет боюнча такталып, мониторинг жүргүзүлдү. Көп сабактар,чогулуштар окуу онлайн болгонуна байланыштуу ZOOM аркылуу өтүлдү. Мектеп мугалимдери педагогикалык квалификациясын да онлайн жогорулатышты. “ Жаңы инновациялык метод менен иштөөнүн өзгөчөлүгү жана ишке ашыруу максатында мугалимдердин көбү онлайн курс окушту.

2- маселе боюнча тарбия иштери боюнча директордун орун басары Мыктыбекова К.М. сөзгө чыгып, айрым окуучулар мектепке уюлук телефон алып келип,сабак убагында колдонуп отурушарын,кээ бир окуучулар телефонду дайыма колдонуп жатканына токтолду, окуучулардын телефон алып келип жаткандыгы сабактарга кедергисин тийгизип жатат. Урматтуу ата-энелер, мектеп тарабынын балдарга түшүндүрүү иштери жүрүп жатат, сиздер дагы бул маселеге кайдыгер карабастан балдарга телефон берүүнү чектесеңиздер.

3-маселе боюнча мектептин соц.педагогу Кенешбекова Б.К. өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуу максатында доклад окуду. Ал азыркы учурда окуучулардын жүрүм-турумун көзөмөлгө алуу эң орчундуу маселе экенин , бул жаатта мектеп тарабынан алгылыктуу иштер жүрүп жатканын айтып, ата-энелер дагы балдардын тарбиясына көңүл бөлүүсүн талап кылды.

3-маселе боюнча ата-энелерден 9а- классынын ата эне комитети Сирадзе Аида жарыш сөзгө чыгып, балдар сабактан кийин канчада келди,сабак окуп жатабы ж.б. маселелер боюнча ар бир ата эне өз балдарын эле контролго алса мугалимдерге жардам болот деп белгиледи.

4-маселе боюнча Мыктыбекова К.М. сөзгө чыкты. Быйылкы окуу жылындагы тарбия иштери боюнча бардык жетишкендиктери жана ийгиликтерди санап өттү.Ар бир чейрек сайын тийиштүү отчеттор алынып,иш-чаралар өз убагы менен өтүлгөнүн белгиледи.Класс жетекчилер тарабынан өз убагында бир айлык,жумалык класстык сааттар өткөрүлдү. Бардык БББ нын келген тапшырамалар өз убагы менен аткарылды.Ички көзөмөлдөр мектеп ичиндеги иш-чаралар өз убагы менен өттү. Коопсуздук эрежелер: ЖЖЭ, ТК, ӨК, ССЭ жөнүндө класстык сааттар өтүлдү. Быйылкы окуу жылында жугуштуу оору катары эсептелген "COVID-19" оору бүткүл жер шаарын каптагандыктан, орунду маселе катары бардык шарттар өз убагы менен аткарылды. Быйылкы окуу жылына окуучуларга коюулуучу талаптар:

-Коопсуздук эрежелерди сактоо (ЖЖЭ, ТК, ӨК,ССЭ)

-Жугуштуу ооруларды алдын алуу (маска тагынуу,ооруп калса класс жетекчисине эскертүү,антисептикти дайыма колдонуу,аралыкты сактоо);

**Чечим кылынды:**

1. 2021-2022-окуу жылындагы иш чаралар жана 1-чейректин жыйынтыгы боюнча окуучулардын билим сапаты жөнүндө так маалымат ата энелерге класс жетекчилер тарабынан жеткирилсин;
2. Мектепке окуучулардын уюлдук телефон алып келүүсү класс жетекчилер жана ата –энелер тарабынан көзөмөлгө алынсын;
3. Окуучулардын сабактан кийинки жүрүм-турумун, тарбиясын көзөмөлдөө жагы ата-энелерге милдеттендирилсин.
4. Окуучуларга коопсуздук эрежелерди сактоо боюнча класстык сааттар класс жетекчилер тарабынан өтүлсүн жана окуучулардын сабакка алып келүү жана сабактан кийин алып кетүү ата- энелерине милдеттендирилсин;

Директор Илиясова Ж.Т.

Катчы Кенешбекова Б.К.